# Билим берүү:

## Үйдө, мектепте, жумушта

Турмушта учураган муктаждыктарды канааттандыруу үчүн керектүү ык-жөндөмдөрдү бала өздөштүрүүсүнө жана ар кандай нерселерди түшүнүүсүнө жардам берген багыттуу үйрөтүү процесси “билим берүү” деп аталат. 34–43-бөлүмдөрдө, бузулуулары бар жана өнүгүүсүндө артта калган балдарга денесин башкарганды, акыл-эс жана күндөлүк жашоосу үчүн негизги баштапкы ык-жөндөмдөрүн өрчүтүүсүнө жардам берген ыкмаларды айтып өттүк. Бирок, чоңойгон сайын, бала башка татаалыраак ык-жөндөмдөргө жана билимге муктаж болот.

Дээрлик бардык балдар үчүн **билим алуу үйдө башталат.** Кээ бирлери аны мектепте, башкалары талааларда, токойдо, базарда, дарыянын жээгинде же көчөдө улантышат.

Көпчүлүк өлкөлөрдүн шаарларында, кийин жумуш табуу же коом тарабынан кабыл алынуу үчүн, мектептен билим алуу дээрлик “негизги муктаждык” болуп калды. Айылдардын жана айыл чарбачылык менен алектеген коомчолордун көпчүлүгүндө “китептен үйрөнүү” жолу, күндөлүк жумуштарды аткаруу менен үй-бүлөлөрүнө жардам берүү аркылуу өздөштүрүлгөн ык-жөндөмдөргө салыштырмалуу, анчалык маанилүү эмес деп эмдигиче эсептелип келет.

Мектепте окуу ***физикалык жактан күчтүү, бирок акыл-эси өрчүүсү артта калган*** бала үчүн түйшүктүү жана ыраазы кылбаган тажрыйба болушу ыктымал, айрыкча, эгер “билим берүүнүн атайын ыкмалары” колдонулбаса. Мындай бала турмушунда учурай турган муктаждыктарды канааттандырууга керек ык-жөндөмдөрдү мектептен окубай эле, атасына талаада же энесине базарда жардам берүү жолу менен тезирээк үйрөнүп, өзүн бактылуураак сезүүсү мүмкүн.




Айыл жергесинде жашаган балдардын көпчүлүгү үчүн билим алуунун эң маанилүү бөлүгү мектептен бөтөн жерде өтүшү мүмкүн.

Ошентсе да, акыл-эси өрчүүсү артта калган балдардын айрымдары үчүн мектепте окуу маанилүү болушу мүмкүн. Эгер мындай балдардын өзгөчө муктаждыктары бар, аларга сый-урмат менен мамиле кылуу жана дайыма алардын ындынын көтөрүп туруу керек экенин мугалимдер жана башка балдар түшүнсө, мындай балдар мектептен билим алуу багытында да, башкалар менен карым-катнаш түзүү (социалдык байырлануу) багытында да далай пайда ала алышат.

Ар бир конкреттүү мисалда жергиликтүү жагдайды этияттык менен эсепке алуу маанилүү. **Бөтөн бирөөлөрдүн мектепке баруунун маанилүүлүгүн айрыкча белгилеген кеңештерин таразалап ойлонуштурбай аткарбаңыз.** Айрым мектептерде жагдай жакшыраак болсо, башкаларында – начарыраак. Конкреттүү баланы жергиликтүү мектепке жиберүүдөн мурун, ошол мектептин оң жана терс жактарын кылдат карап чыгыңыз, жана башка варианттарды да эсепке алууну унутпаңыз.

**Айыл жергесинде турган, физикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала үчүн мектепте окуу айрыкча маанилүү** – физикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелбеген балдарга салыштырмалуу, балким, маанилүүрөөк – **болушу мүмкүн.** Физикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар айылдагы оор физикалык жумуштарды, физикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелбеген балдардан айырмаланып, көп учурда жасай алышпайт. Андыктан, алар негизинен акыл-эсти пайдаланган ык-жөндөмдөрдү үйрөнүп, жергиликтүү коомчонун иш-чараларына катышып, коомдук иштерди аткарышса болот. Мындай ык-жөндөмдөр мектепте мүмкүн болушунча ийгиликтүү окууга буларга жардам бериши мүмкүн.




Айыл жергесинде, мектепте өздөштүрүлгөн билим жана ык-жөндөмдөр дени соо адамга салыштырмалуу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам үчүн маанилүүрөөк болушу мүмкүн.

## Кадимки мектеп же атайын мектеп?

Азыркы учурда реабилитация иштери боюнча адистердин пикири боюнча, **мүмкүн болгондо, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар кадимки мектепте дени соо балдар менен чогуу эле окушу керек.**

**Ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин жеңил же орточо формаларынан жапаа чеккен балдар үчүн** бул чоң деле көйгөй болбошу керек. Жергиликтүү коомчолордун кээ бирлеринде, айрыкча айыл жергесинде, ата-энелер ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарын мектепке жиберүү тууралуу атүгүл ойлоп да көрбөшү мүмкүн. Ата-энелер “балдарын мектепте башкалар кемсинтишет же алар мектепте катуу кыйналышат” деп чочулашат. Кээ бир жерлерде мектеп деректирлери же мугалимдер ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин атүгүл анча олуттуу эмес формаларынан жапаа чеккен, бирок акыл-эси ыкчам балдарды кабыл алуудан баш тартышат. Үйдөн мектепке чейинки аралыктын чоңдугу жана мектепке жетүүдөгү буга окшогон башка көйгөйлөр мектепте окуу мүмкүндүгүн ого бетер кыйындатат.

Мындай кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүн болушунча аракет кылыңыз. Айылдагы ***реабилитациялык*** борбордун кызматкерлери мугалимдер, ата-энелер жана башка мектеп окуучулары менен сүйлөшүп, мындай жагдайлардан чыгуунун эң ылайыктуу жолдорун чогуу издеп, аракеттенип көрүшсө болот. Мектептер эрежелерин өзгөртүүсү үчүн, кээде ата-энелердин уюшуп, аларга басым кылуусу зарыл болот. Кээ бир өлкөлөрдө мамлекеттик мектептер ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды кабыл алуусун жана аларга атайын шарттарды түзүп берүүсүн талап кылган мыйзамдар иштелип чыккан. Реабилитациялык кызматкерлер жана ата-энелер мындай мыйзамдар тууралуу маалыматтарды чогултуп, алардын иштешин талап кылып көрүшсө болот. Эгер мындай мыйзамдар жок болсо, анда алардын кабыл алынуусун максат катары коюп, бул багытта чогулуп иштешсе болот.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланын мектепте күн сайын окуусун жеңилдетүү жана аны балага чынында жагымдуу кылуу үчүн, аракеттерибизди аябоого тийишпиз. Башка мектеп окуучуларынын катышуусун талап кылган мүмкүнчүлүктөрдүн кээ бирлерин 47-бөлүмдө талкуулаганбыз (БАЛА балага).

**Ден соолуктун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин оор формаларынан жапаа чеккен балдар үчүн** мектепте окуу көп учурда мүмкүн болбошу ыктымал, айрыкча эгер мектептердин азыркы кейпин эсепке алсак. Ошентсе да, эгер мугалимдер жана башка окуучулар менен сүйлөшсөңүз, кээде алар сиздин жагдайыңызды жакшыраак түшүнүп, атайын шарттарды түзүп берүүгө даяр болушат.



Индиядагы Бангалор шаарына жакын аймакта жашаган, өнүгүүсүндө артта калган балдар мектепке чейинки программа боюнча окутулуп жаткан учуру.

Мисалы, биз ***ичегилерин*** башкара албаганынан улам мектепте эч качан окуп көрбөгөн, жүлүн чуркусу бар бир баланы билебиз. Анын ата-энеси мугалим жана башка окуучулары менен сүйлөшүп, бир келишимге келишкен. Азыр ал бала мектепке барат. Ичегилерин башкара албай, ички кийимин булгап алганда, ал тынч ордунан туруп, тазаланып жана кийим которуп келүү үчүн, үйүнө жөнөйт. (Бактыга жараша, анын үйү мектепке өтө жакын жайгашкан.)

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын айрымдары мектепте окууга мүмкүнчүлүктөр болбогон учурларда, башка альтернативдүү варианттар мүмкүн болушу ыктымал. Кээ бир өлкөлөрдүн шаарларында ден соолуктун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген айрым илдеттерден жапаа чеккен балдар үчүн **"атайын окутуу"** программалары иштейт. Эгер мындай мектептер жеке менчикте болсо, окуу негизинен өтө кымбат болот, ал эми коомдук (мамлекеттик) менчикте болсо, көп учурда мындай мектептер чегинен ашып толуп кеткен болот же аларга кирүүнү каалагандардын тизмеги узун болот.

Айыл жергесинде, кээ бир сейрек мисалдарды эсепке албаганда, атайын окутуу программалары жок десек жаңылышпайбыз. Мындай жагдайда, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын ата-энелери чогулуп, өздөрүнүн "атайын мектебин" ача алышат. Ата-энелерден турган мындай топ ар бири балага анын ылдамдыгында жана ага ыңгайлуу түрдө окуусуна жардам берет. Мындай мектептин мисалы катары Мексикадагы Мазатлан шаарында жайгашкан "Лос Паргос" мектеби 517-бетте кыскача сүрөттөлүп берилген. Мындан тышкары, Пакистанда жайгашкан, жергиликтүү коомчо шартында реабилитациялоону өнүктүрүү борбору көптөгөн шаарларда ата-энелерге атайын окутуу программаларын уюштуруусуна жардам берди (520-бетти караңыз).

Кадимки же атайын мектепте окууга эч мүмкүн болбогон учурларда (атүгүл бул мүмкүн болсо деле), балким, **үйдөн окутуу** үчүн, шарт түзүп берсе болот. Мектепке барган балдар, дени сообу же ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүүбү – айырмасы жок, окуудан кийин, ден соолук мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттердин олуттуу формаларынан жапаа чеккен балдарды үйүнөн окутууга жардам бере алышат. Жергиликтүү коомчонун реабилитациялык долбоору да өзгөчө муктаждыктары бар балдарга жана жаш адамдарга арналган атайын окутуу программасын жүргүзсө болот. PROJIMO долбоору далай мектептерде кыйынчылыктарга дуушар болуп келген, өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн жергиликтүү айылдардын бириндеги мектепте окууга шарт түзүп берди. Мындан тышкары, ден соолук бузулуулары бар реабилитациялык кызматкерлер кечкурун өзүнчө окутууга муктаж болгон балдарга жардам берип турушат.



Кадимки мектеп



Муктаж болгондорду өзүнчө окутуу

Бул китепте атайын окутуу программасы боюнча методдор жана дегеле бул тууралуу кененирээк маалымат камтылган эмес. Негизи, сиз колдоноюн деп жаткан методдорду Европада же АКШда колдонулган түрүндө түз аткарбай (көпчүлүк учурда, так ушундай жасалат), жергиликтүү жагдайга жана каада-салттарга ылайыктап пайдалануу маанилүү. Пакистандагы программа үчүн Кристина Майлстын авторлугу астында *Special Education For Mentally Handicapped Pupils* (Акыл-эси өрчүүсү артта калган окуучулар үчүн атайын окутуу программасы) деп аталган мыкты китеп иштелип чыккан. Бул китепте жергиликтүү маданиятка жараша ылайыктоого мүмкүн болгон көптөгөн идеялар камтылган. (640-бетти караңыз.)

## Балдардын өзгөчө физикалык муктаждыктарын мектепте канааттандыруу


Физикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын мектептеги же дегеле окуп үйрөнүүсүндөгү өзгөчө муктаждыктарын унутпоо жана аларды канааттандырууга аракет кылуу маанилүү.

Мисалы, башкалардай ыргып туруп, чуркап жөнөй албаган балдар дөңгөлөктүү отургучтарында керели кечке ***отура бербеши*** керек. Анткени мындай жагдай ***контрактуралардын*** пайда болуусуна, бут кетмендери шишүүсүнө, бут сөөктөрү морт болуп кетүүсүнө, ***омуртка тутуму*** ийрийип кетүүсүнө жана ушул сыяктуу башка деформацияларга алып келиши мүмкүн.





Балдар убактысынын жок дегенде бир бөлүгүн денесин тик кармаган абалында өткөрүүсүн камсыз кылууга аракеттениңиз.

Ал үчүн баланын денесин тик абалында кармоочу атайын жасалганы колдонсо болот (күнүнө бир нече маал, бирок бир тургузганда, жарым сааттан ашырбай).











Балдар убактыларынын дагы бир бөлүгүн жерде, же болбосо, денесин ыңгайлуу абалына келтирип алып, колдорун пайдаланганды мүмкүн кылган жумшак бойрого же бети жумшак бир нерсе менен капталган тактага жатып алып өткөрүшсө болот.


**Түзүлүштөрү тууралуу кененирээк маалыматты 571-575-беттерден караңыз.**


# ОКУУ, ЖАЗУУ ЖАНА СҮРӨТ ТАРТУУ ҮЧҮН КӨМӨКЧҮ КАРАЖАТТАР


## АЛСЫЗ ЖЕ ШАЛ АЛАКАН-МАНЖАЛАР ҮЧҮН КАЛЕМ КАРМАГЫЧ

Калемди, карандашты же боёк менен тартууда колдонулуучу “чачтуу” калемсапты жакшы кармай албаган же китептин беттерин оодара албаган бала үчүн түрдүү түркүн ***көмөкчү жасалгаларды*** жасап берсе болот. Мында бир нече мисалы келтирилген:
















## КАЛЕМДИ, КАРАНДАШТЫ ЖЕ “ЧАЧТУУ” КАЛЕМСАПТЫ КАРМАГЫЧТАР

Мындай кармагычтардын жоонураагын түшүрбөй кармоо жана башкаруу ыңгайлуураак.












**Мындай жасалгалардын башка варианттарын 223- жана 330-беттерден караңыз.**

## КИТЕП БЕТИН ООДАРГЫЧ (башка карматылган түрү)









Колдорунун кыймылдарын жакшы башкара албаганынан так жаза албаган балдар **тамга терип жазган машинкеде** манжалары менен же башына карматылуучу таякчанын жардамы менен жазганды үйрөнө алышат. Акыл-эси ыкчам, бирок физикалык мүмкүнчүлүктөрү абдан чектелүү балага тамга терип жазган машинке сатып алып берүү жакшы чечим болушу мүмкүн, анткени кийин бала аны жана анда өздөштүргөн ык-жөндөмдөрүн колдонуп, акча таап иштөөсү мүмкүн болот.

**Чөнтөк калькулятору** тамга терип жазган машинкеге салыштырмалуу кыйла арзаныраак. Сандар менен жакшы иштей алган, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам эсеп-кысапка байланышы бар көп түрдүү жумуштарды аткара алат.

**Атайын көмөкчү жасалгалар жана каражаттар боюнча кошумча идеяларды ампутацияларга арналган 27-бөлүмдөн, балдардын церебралдык шалдыгына арналган 9-бөлүмдөн жана атайын көмөкчү каражаттарга арналган 62-бөлүмдөн караңыз.**

Башында үй-бүлөсү Лупитону мектепке жиберүүдөн чочулаган. Башка балдар баласын кемсинтип, аны жөн коюшпайт деп ойлошкон. Айылдагы реабилитологдор үй-бүлөсүн Лупитону мектепке коё берүүсүнө көндүрүп, мектептеги балдарга карата "БАЛА балага" программасы боюнча иш-чараларды өткөрүштү. Азыр Лупито мектепте ырахаттануу менен окуйт жана окуусунда өтө жакшы ийгиликтери бар.



Лупито мектепте...



жана ойноп жаткан учуру.